**2018-2022-окуу жылына карата Өмүрзак Коңурбаев атындагы жалпы билим берүү орто мектебине демөөрчүлөр жана ата-энелер тарабынан берилген акча каражат жана материалдык жардам тууралуу отчет**

2019-2020-окуу жылында мектептин наамын алып жүргөн Өмүрзак Коңурбаевдин небереси Коңурбаев Мирлан жана айылдын тургуну Асрандиев Эркин мектепке 3 компьютер,музыкалык центр алып келип беришти.

2020-2021-окуу жылында мектепти 20 жыл мурун бүтүп кеткен бүтүрүүчүлөр тарабынан мектептин айланасына 20 арча көчөтү отургузулду.Актовый залы айылдын жаштарынын жардамы менен жана мектептин наамын алып жүргөн агайдын кызынын салымы менен капиталдык ремонттон өткөрүлдү.Пандемия учурунда онлайн сабак өтүүдө телефонго,телевизорго муктаж болгондор көп болду. Демөөрчү тарабынан 1телевизор,9 уюлдук телефон таратып берилди.

2021-2022-окуу жылынын  14-сентябрында Билим күнүнө арналган  салтанаттуу линейкада  11-классты бүтүрүүчүлөрү 1-класстын 19 окуучусуна “Алиппе”окуу китебин белекке беришти..20-жыл мурун мектепти бүтүрүп кеткен бүтүрүүчүлөр, мектептин алдына 5 отургуч орнотуп беришти.NABU коомдук уюмунун Кыргыз Республикасындагы филиалы жана Чоң-Кемин жаратылыш паркы тарабынан мектептин айланасын көрктөндүрүү боюнча 5 Тянь-шань карагайынын жана 5 арчанын көчөттөрү отургузулду.Айылдын жаштары тарабынан мектептин ашканасына 2500(эки миң беш жүз)сомго тараза,мектептин ички ажааткanасын оңдоо иштерине 3000(үч миң)сом,окуучулардын ден соолугу үчүн мектепке лимон дарагын өстүрүү үчүн 5000(беш миң )сом,мектептин кире беришин 60000(алтымыш миң )сомго цементтеп беришти.Дүйшеев А.М.үй-бүлөсү мектептин фондуна 25 окуу китебин,бүтүрүүчү класс тарабынан 11-класска10 биология китеби алынып берилип мектептин китепканасынын фонду аз болсо да көбөйдү.Энелер мектебинин ачылышы болуп ноябрь айында айылдык кеңештин депутаты Зайнидинов А.А. тарабынан бир комплект 2000(эки миң )сомго китеп алынып берилди.

2022-2023-окуу жылына карата” Дуйнөлүк банк” тарабынан каржыланып жаткан “Келечек үчүн билим алуу”долбоору аркылуу келе турган компьтерлерди орнотуу үчүн талапка ылайык информатика кабинети түзүлүш керек.Айылдын кыздарынын колдоосу менен 24000(жыйырма төрт)миңге интернет тармакты туташтыруу иштери,айыл өкмөт тарабынан 15000(он беш миң)сомго электр каражаттарына төлөнүп берилди.Мектептин Уставын жасатуу үчүн айыл өкмөт тарабынан 12000(он эки миң)сом бөлүнүп берилди.Мектептин мугалимдери “Мыкты мугалим “конкурсунда дайыма ийгилик жаратып келет.4 жыл аралыгында аймактык конкурста биринчиликти алып,райондук деңгээлде 1-2-3-орундарды жеңип келебиз.Айыл өкмөт тарабынан 1000(миң)сомдон сыйлык берилет.Ата-энелер тарабынан 1-класстын окуучуларына 2560(эки миң беш жүз алтымыш) сомго идиш алынды.

**2021-2022-окуу жылында ата-энелер жана демөөрчүлөр тарабынан берилген акча каражаты**

| № | Аталышы | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Окуу китептерине | 12250 сом |
| 2 | Мектеп ашканасына тараза | 2500 сом |
| 3 | Ички ажааткана тутукчөлөрүн оңдоого | 3000 сом |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Ашкана идиштерине | 2560 сомго |
| 5 | Лимон дарагынын көчөтүнө | 5000 сом |
| 6 | “Энелер мектеби “китебине | 2000 сом |
| 7 | Интернет түйүнүн туташтыруу | 24000 сом |
| 8 | Мектептин алдын иреттөө(стяжка) | 60000 сом |

**Мектеп директору А.К.Молдокулова**